## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

жарандар Раимкул уулу Касымбек жана
Жаманкул Жунусовдун өтүнүчүн
өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2015-жылдын 19 январы　　　　　　　　　　　　　Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, судьялар: Э. Ж. Осконбаев, М. Ш. Касымалиев, К. С. Сооронкулованын курамында, катчы Илиязова Н.А. катышуусунда, жарандар Раимкул уулу Касымбек жана Жаманкул Жунусовдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) жарандар Раимкул уулу Касымбек жана Жаманкул Жунусовдун «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүндөгү «адвокаттарынын милдеттүү түрдө мүчөлүгүнө негизделген», 2-беренесинин 4-бөлүгүндөгү «Областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын аймагында уюштуруучулук-укуктук формадагы бирден аймактык адвокатура – филиал түзүлүүгө тийиш», 15-беренесиндеги «Адвокатуранын мүчөсү болуп саналган» деген ченемдери, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 35-беренесиндеги «Ар ким биригүү эркиндигине укуктуу» деген ченемге карама-каршы келет жана конституциялуу эмес, деп таап берүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Судьялар коллегиясы өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүүнү жүргүзгөн судья Э. Ж. Осконбаевдин маалыматын угуп, жарандар Раимкул уулу К. жана Ж. Жунусовдун өтүнүчү жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 20, 21, 24, 25, 26 беренелеринде көрсөтүлгөн талаптарга жооп берет деген жыйынтыкка келди.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып,

**а н ы к т а д ы :**

1. Жарандар Раимкул уулу Касымбек жана Жаманкул Жунусовдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2.Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:　　　　　　　　　　Э. Ж. Осконбаев

М. Ш. Касымалиев

К. С. Сооронкулова

№ 01-пп